# Колдонмолордун программдык камсыздоосу.

# Терминдер. Кесиптик лексика.



# Колдонмо программалар

**Колдонмо програмдардын жардамы менен конкреттүү маселелер чечилет. Бул програмдар “колдонмолор” деп аталат.**

**Колдонмо програмдык камсыздоолорунун колдонуу чөйрөсү өтө кеңири: жөнөкөй, эсеп чыгаруучу програмдан баштап, кесипкөй системдер (тесттик процессор, графикалык оңдоп-түзөтүү, басмакана иштери ж.б.), илимий комплекстер, массалык кызмат көрсөтүүнүн татаал системдерине чейин колдонмо програмдардын ичиндегилердин өзгөчөсү, бул “колдонмону” иштеп чыгуучу инструменталдык каражаттар.**

***Инструменталдык каражаттар* – бул, програмдарды жана автоматташтырылган системдерди түзүү үчүн программистер колдонгон програмдар жана програмдардын жыйындысы**.

**Мурдакы ЖКларда колдонулган програмдоо тилдери компьютерге шайкеш келген програмдар системин иштеп чыгууга багытталган. Акыркы бактагы програмдоо тилдери менен атайын аныкталган маселелерди чечүү өтө ыңгайлуу болуп калды (акылдуу шаар, акылдуу үй, окуу иштерин автоматташтыруу, өндүрүштү автоматташтыруу ж.б.). Програмдоо системин колдонуу татаалдашкан процедуралардан кутултуп, убакытты үнөмдөп жана програмдоо процессин жөнөкөйлөштүрдү.**

**Программалык камсыздоо** – бул маалыматтарды компьютерде автоматтык түрдө иштеп чыгууга мүмкүндүк берген программалардын жыйындысы.

Программалык камсыздоо системалык (жалпы) жана колдонмо (атайын) болуп экиге бөлүнөт. Система – (system –бөлүктөрдүн биригүүсү; грек.) кандайдыр бир кубулуштун же изилдөө предметинин (объектилердин) бүтүндүгүн пайда кылган жана алардын өз ара байланышын түзүп турган элементтердин жыйындысы.

# Терминдер.

**Илим менен техниканын жана өндүрүштүн түрдүү тармагындагы түшүнүктөрдү билдирүү үчүн бир маанидеги сөздөр же сөз тизмектерин терминдер деп айтабыз.**

**Мисалы, кылмышкер, жаза, интернет, сайт, насыя, бизнес келишими, буржуазия, пролетариат, морфология, синтаксист**

**Терминдерде көп маанилүүлүктүн, өтмө маанилүүлүктүн, экспрессивдүүлүктүн жоктугу, тактап айтканда, бир илимдин же техниканын тармагындагы бир термин бир гана түшүнүктү туюндуруп, бир гана маанилүү болушу керек;**

# Төмөнкү терминдер кайсы илимге таандык?

(разделите термины по сфере их использования, запишите в столбик)

**Экономист, насыя, жактоочу, акча, сот, дивидент, салык, компютер, браузер, банк, коррупция, катуу диск, Конституция, берене, модем, киреше, пайда, системдик блок, программа, улуттук валюта, салык тутуму, кодекс, ратификация, инвестиция, референдум.**

**Терминдер тигил же бул түшүнүктү** (значение) **так атоо үчүн тилдик закон ченемдерге** (языковым нормам), **эрежелергеылайыкталып** (подчиняясь правилам), **лексикалык моделдердин үлгүсүндө** (на образце лексических моделей) **атайын иштелип чыгат жана мамлекеттик же илимий мекемелер тарабынан официалдуу түрдө кабыл алынат**(принимается официально).

# Терминдерге туура келген аныктамаларды тапкыла (найдите правильное определение терминам)

| | |
|---|---|
| **1. Интерфейс** | **1) Компьютерде магниттик түзмөккө жаздырылган, колдонуучунун буйругу менен компьютерге жүктөлүүчү көрсөтмөлөрдүн жыйындысы** |
| **2. Программа** | **2) Колдонуучу менен программдык камсыздоонун ортосундагы баарлашууну уюштуруучу эрежелер менен келишимдердин жыйындысы** |
| **3. Ийилчээк диск (дискета)** | **3)Текст жана сүрөт түрүндөгү маалыматты басып чыгаруучу түзмөк.** |
| **4. Принтер** | **4)Үстүндо магниттик жапкычы бар, атайын материалдан жасалган жука диск.** |
| **5. Микропроцессор** | **5)Телефондук желе аркылуу маалымат алмашуу үчүн түзмөк** |
| **6. Модем** | **6) Ар түрдүү багыттагы компьютерлердин элементи катары, бир кристалда аткарылган чоң интегралдык схема (ЧИС)** |

**Микрофон** – үн маалыматын киргизүү үчүн колдонулуучу түзмөк;

**Видеокамера** – жандуу сүрөттү, жандуу баарлашууну көрсөтүүчү түзмөк;

**Принтер** – текст жана сүрөт түрүндөгү маалыматты басып чыгаруучу түзмөк;


**Видеопроектор** – текст жана сүрөт түрүндөгү маалыматты көрсөтмө экранга чыгаруучу түзмөк;

**Сканер** – текст, сүрөт жана графикалык маалыматты компьютерде окуучу, PDF жана башка форматтагы маалыматтарды бир түрдөн экинчи түрүнө которуучу түзмөк;


**Плоттер** – чиймени кагазга басып чыгаруучу түзмөк;


**CD (DVD)** – ар түрдүү файлдарды камтыган компакт-дисктерди окуучу түзмөк;

# Сүрөттөрдү карап терминдерди туура атагыла









# Кесиптик лексикага тиешелүү сөздөрду тапкыла














# Тексттен терминдерди жана кесиптик лексикаларды тапкыла

* **Өлкөбүз ар кандай тармактар менен иш жүргүзүп келет. Алсак: жеңил өнөр жай, оор өнөр жай, мал чарбачылыгы, айыл чарбачылыгы жана ар кандай бизнестер. Ишкерлер балык чарбачылыгын да мыкты өздөштүрүштү. Ар бир бизнес үчүн мамлекетке салык төлөнүп, казнанын капчыгына да салым кошулууда. Ишти өнүктүрүү үчүн кардарларга төмөн пайыз менен насыялар берилип келет. Ал юридикалык кучкө ээ болуп, атайын тартип менен мыйзамдын негизинде өз убагында төлөнөт. Ар бир иш мыйзамдуу жол менен иштөөдө, келишимдер, тартиптер, мыйзамдар каралган**

# Үйгө тапшырма

1. «Келечекте мыкты программист болгум келет» деген темада терминдерди, кесиптик лексиканы пайдаланып доклад жазып келигиле;

2. Өз кесибиңерге тиешелүү терминдерден жаттап , айтып бергиле.